**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ,
ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИЯТ ТААНУУ, ДЕНЕ ТАРБИЯ, ТУРИЗМ ЖАНА
АГРАРДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ**




# ФИЗИКАЛЫК ГЕОГРАФИЯ, КЫРГЫЗСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯСЫ ЖАНА ТАБИЯТ ТААНУУ КОНЦЕПЦИЯСЫ КАФЕДРАСЫНЫН ПАСПОРТУ

**2025-ж.**

# МАЗМУНУ


**I. Кафедранын кыскача тарыхы** 3

**II. Максаты жана милдеттери** 4

**III. Окуу – усулдук иштер** 5

**IV. Илимий – изилдөө иштер** 7

**V. Коомдук – тарбиялык иштер** 9

**VI. Профессордук – окутуучулук курам** 10

**VII. Материалдык – техникалык база** 11

**VIII. Тышкы байланыштар** 12

**IX. Перспективалык планы** 13

**X. Инвестиция жана коммерциализация багытындагы стратегиялар** 13

# I. Кафедранын кыскача тарыхы

География адистерин даярдоонун башаты 1961-жылдан башталат. 1960-1961 окуу жылында Ош педагогикалык институтунун (ОшПИ) "Табият таануу" факультетинде «География» адистиги боюнча 28 студент кабыл алынган. Бир жылдан кийин «География» кафедрасы түзүлүп, кафедра башчысы болуп С.Мырзахметов дайындалган. Кафедрада А.Абылгазиев, Т.Айдашев, К.Астаркулов, В.П.Бурлаков, М.Кадыркулов, Т.Рахманов, Б.Султановалар иштешкен.

1965-жылы география адистигин биринчи бүтүрүүчүлөрү жогорку билимге ээ болушкан. Ошол жылдагы бүтүрүүчүлөрдөн учурда ОшМУда г.и.д., профессор К.Матикеев эмгектенет.

1976-жылы ОшПИнин ректору Р.Кулуев тарабынан Кыргыз илимдер академиясынын "Геология" институтунун ага илимий кызматкери, г.и.к., К. Матикеев чакырылган. Ал география адистигин ачуу боюнча көптөгөн уюштуруу иштерин жүргүзүп, адистиктин негизин түптөгөн.

1987-жылы «Жалпы жана физикалык география» кафедрасы ачылып, аны жетектөө доцент К.Матикеевге жүктөлгөн. Ошол мезгилден баштап профессордук-окутуучулук жамааттын жана студенттердин санынын өсүшү башталган. Кафедранын билимдик сапатын көтөрүү максатында 1988-жылы г.и.к., доцент Т.Чодураев; г.и.к., доцент А.Эргешов; г.и.к, доцент Л.М.Петровский, г.и.к, доцент Б.Орозгожоев (Фрунзе), Оштогу окуу жайларынан б.и.к, доцент Т.Аманкулова менен Г.Омуралиева; Фрунзеден окутуучулар С.Аматов, А.Жолдошов, К.Калилов, С.Керимов, К.Курманалиев, А.Попов жана С.Токтогуловалар чакырылган.

1990-жылы өз алдынча география факультети ачылып, декан болуп г.и.к., доцент К.Матикеев дайындалган. Кафедраны г.и.к., доцент Т.Рахманов жетектеп баштаган. 1998-жылы университеттин окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде «Жалпы жана физикалык география» кафедрасы өз алдынча эки кафедрага бөлүнгөн.

"Физикалык география жана геоэкология" кафедрасын, г.и.д., профессор А.Эргешов; "Социалдык география жана табият таануу концепциясы" кафедрасын г.и.д., профессор К.Матикеев жетектеген. 2002-жылы 2 кафедранын базасында "География" өз алдынча факультет болуп түзүлгөн. Жаңы түзүлгөн факультетти г.и.д., профессор К.Матикеев, андан кийин г.и.к., доцент А.Г.Низамиев жетектеген. 2009-жылы кайрадан география факультети жоюлуп, табият таануу факультетинин курамында "География" бөлүмү болуп түзүлгөн. Азыркы күндө «Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана табият таануу концепциясы» кафедрасын г.и.к., доцент З.Э. Шербаева жетектеп келүүдө.

# II. Максаты жана милдеттери

**Максаты:**

Кафедранын билим берүү жана тарбиялоо сапатын жогорулатуу, Табигый илимий билим берүү География профили жана география кошумча экология багыттары боюнча адистерди даярдоо.

**Милдеттери:**

- ✓ Кафедранын документтерин даярдоо.
- ✓ Кафедранын кадрдык потенциалын жогорулатуу.
- ✓ Кафедранын методикалык иштерин түзүү жана ишке ашыруу.
- ✓ Тиешелүү дисциплиналар боюнча адабияттар менен камсыздоону кеңейтүү.
- ✓ Дисциплиналар боюнча жумушчу программалардын, силлабустардын сапатын жакшыртуу.
- ✓ Студенттердин өз алдынча иштеринин мазмунун, формасын, ыкмаларын өнүктүрүү.
- ✓ Студенттердин билим сапатын текшерүүнү оптималдаштыруу.
- ✓ Окутууда жаңы технологияларды колдонууну өнүктүрүү.
- ✓ Методикалык семинарларды уюштуруу формаларын өнүктүрүү.
- ✓ Студенттик ийримдин иш аракеттерин өркүндөтүү.
- ✓ Окутуучулардын илимий изилдөө иштерин активдештирүү.
- ✓ Студенттер менен тарбиялык, ден соолукту чыңдоочу иш чараларды оптималдаштыруу.
- ✓ Кафедранын материалдык техникалык базасын жакшыртуу.

# III. Окуу – усулдук иштер

Кафедранын дисциплиналары боюнча жумушчу программалары тиешелүү типтүү программалардын негизинде түзүлөт жана кафедранын кеңешмесинде бекитилип, уюштурулуучу иштер чагылдырылган иш планы, кеңешмелеринин планы түзүлөт.

Кафедрада “Географиянын окутуунун актуалдуу маселелери” деген темада илимий-теориялык, окуу-усулдук биргелешкен семинар иштейт. Семинарда докладдар географиянын түрдүү тармактарындагы жетишкендиктери, географиянын азыркы учурдагы актуалдуулугу жана орчундуу маселелери боюнча стейхолдерлер менен биргеликте талкууланат.

Кафедрадагы бардык окутуучулар түрдүү багыттар боюнча билимин өркүндөтүүчү курстарга катышып, сертификат алышкан. Мисалы: А.Т.Зулушова, З.Э.Шербаева, У.И.Исакова «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ойлонууну өстүрүү»; Б.С.Сатыбалдиев, А.Т.Зулушова, З.Э.Шербаева, У.И.Исакова “Дистанттык окутуунун технологиясы”; А.Зулушова, З.Шербаева, С.Т.Атакулов, У.И.Исакова “Предметти жана тилди интеграциялап окутуунун методикасынын негиздери”; А.Т.Зулушова “Жогорку билим берүү системасында көп маданияттуулук”; А.Т.Зулушова, У.И.Исакова “Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү”, З.Шербаева, Р.Шаимкулова, В.Тургунова, Э.Мейманова, У.Исакова “Кодсуз сайт түзүү” Кафедранын бардык окутуучулук курамы “Жаңы экономикалык география” РУДН, “Окуу процессинде тестирлөөнү колдонуунун теориясы жана усулу”, “туруктуу өнүгүүнүн ” жана тил курстарына семинарларга катышып, сертификатка ээ болушкан.




Кафедранын окутуучулары сабактарды электрондук окуу материалдарын, мультимедиялык каражаттарын колдонуу менен өтүшөт. Бул багытта атайын жабдылган 207-аудиторияга кафедранын мүчөлөрүнүн сабактарды өтүү жадыбалы түзүлүп, анын аткарылышы кафедра тарабынан көзөмөлдөнүп турат.

**Окуу-талаа практикасы**

География адистерин даярдоодо окуу-талаа практикасынын ролу чоң. Практикада студенттер окуу процессинде алган билимдерин талаада толуктап, материалдарды топтоп, курстук жана дипломдук иштерди жазат. Шаардагы, областтагы ишканалар менен байланышып турушат. Географиянын башка адистиктерден өзгөчөлүгү студенттерде кыргыз жеринин жаратылышын сактоо сезимин калыптандыруу болуп саналат. Окуу планына ылайык1-курстун студенттери Чоң-Алай, Алай, Ноокат, Кара-Шоро, Кара-Кой маршруттары боюнча; 2-курстун студенттери Өзгөн, Жалал-Абад, Базар-Коргон, Сары-Челек маршруттары боюнча; 3-курстун студенттери окуу-талаа практикасын Ош-Жалал-Абад-Токтогул-Чаек-Нарын-Балыкчы-Чолпон-Ата-Бишкек-Ош маршруттары боюнча өткөрүшөт.



# IV. Илимий – изилдөө иштер

«Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана табият таануу концепциясы» кафедрасында 1 илимдин доктору, 6 илимдин кандидаттары, 5 улук окутуучулар жана 3 окутуучу эмгектенишет.

**Кафедранын илимий багыттары:**

1. Кыргызстандын физикалык географиясынын учурдагы проблемалары:

-ландшафттардын, экзогендик процесстердин проблемалары, ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу маселелери, аткаруу мөөнөтү 2023-2028-жж., мам. каттоо № 0007483

2. Кыргыздардын тарыхый географиясы, аткаруу мөөнөтү 2023-2028-жж., мам. каттоо № 0007484

Эки багыттын илимий жетекчиси г.и.д., профессор Матикеев К.М.

Кафедранын улук окутуучусу Аташбаев Актилек Мелисбекович жана окутуучусу Шаимкулова Роза Раимбердиевалар физикалык география багытында кандидаттык диссертациясын коргоонун алдында турушат. Ал эми кафедранын изденүүчүлөрү өздөрүнүн илимий багыты боюнча үзүрлүү эмгектенип жатышат.

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы бир нече илимий долбоорлордо илим-изилдөө иштерин алып барышууда:

1. Ак-Буура дарыясынын бассейнинин суу режиминин мониторинги жана комплекстүү географиялык-гидрологиялык райондоштуруу (Шербаева З., Исакова У., Шерматова Ж., Шаимкулова Р., Аташбаев А.)
2. Азык-түлүк коопсуздугу (Обдунов Э., Шербаева З., Шаимкулова Р.)
3. Инновациялык питомник (Аккулов А, Тургунова В., Аташбаев А.)
4. Жер көчкүдөн бузулган топурак катмарын калыбына келтирүү: климаттын өзгөрүшүнүн шартында тоо экосистемаларын коргоо үчүн токой-мелиоративдик иш-чараларды, биомелиорацияны киргизүү (Аккулов А., Шербаева З., Сатыбалдиев Б., Зулушова А., Шаимкулова Р.)



**Аспиранттар жана изденүүчүлөр:**

1. Сатыбалдиев Б., Проблемы демаркации и делимитации границ южного Кыргызстана. Жетекчиси г.и.д., профессор Матикеев К. (докторлук диссертация)


2. Зулушова А.Т., Кыргызстанды туруктуу өнүктүрүү максатында жаратылыш ресурстарын пайдалануунун геоэкологиялык негиздери. Жетекчиси г.и.д., профессор Низамиев А.Г. (докторлук диссертация)

3. Исакова У.И., Ош шаарынын антропогендик ландшафттарынын өнүгүү динамикасы. Жетекчиси г.и.д., профессор Матикеев К.

4. Аташбаев А.М., Ош жана Баткен аймагындагы кыргыз урууларынын таркалуу географиясы. Жетекчиси г.и.д., профессор Матикеев К.

5. Шаимкулова Р.Р., Кара-Суу районунун антропогендик ландшафттарынын өнүгүү динамикасы. Жетекчиси г.и.д., профессор Матикеев К.





Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан 2 монография, 23 окуу куралы, 8 илимий популярдык китептер, 400 ашык илимий макалалар жарык көргөн. **2025-жылдын май айында кафедранын г.и.д., профессору К.Матикеевдин «Кыргыз улутунун тарыхый географиясы» китеби АКШнын Калифорния штатындагы Publishing Genie басмаканасында англис тилинде жарыкка чыкты.**

Ошондой эле жыл сайын кафедрада тарабынан ар кандай илимий-иш чаралар өткөрүлүп турат. Атап айтсак: «Матикеевдик окуулар» “Илим жумалыгы” илимий иш-чаралар өткөрүлүп турат. Бул иш-чарада студенттер, магистранттар окутуучулар менен биргеликте өздөрүнүн илимий докладдарын окушат. Жыйынтыгында мыкты илимий макалалары тандалып “Матикеевдик окуулар” журналына чыгарылат.















# V. Коомдук-тарбиялык иштер

Кураторлордун иш планы кафедранын кеңешмелеринде талкууланып бекитилип, студенттерди тарбиялоо иши ушул пландардын негизинде жүргүзүлөт. Кураторлук сааттар ар жума сайын өткөрүлүп, анда группадагы студенттердин сабактарда жетишүүсүн, сабак калтыруусунун себеби иликтенип, деканатка маалымдалып турат. Сабакты көп калтырган, жүрүм-туруму начар студенттердин ата-энелери чакырылып, чогулуш өткөрүлөт. Мындан сырткары кафедра мүчөлөрү медколледжде, университетте уюштурулган ар түрдүү конкурстарга, кечелерге, спорттук мелдештерге активдүү катышышат. Кафедра тарабынан студенттер үчүн 3 багытта ийримдер ишмердүүлүк жүргүзөт. Диспуттар, кечелер, конкурстар, жолугушуулар уюштурулуп, өткөрүлөт. Кафедра мүчөлөрү студенттердин жатаканасына барышып, тарбиялык иштерди жүргүзүп турушат.







# VI. Профессордук – окутуучулук курам



1. Шербаева Зувайда Эрмаматовна, г.и.к., доцент, кафедра башчысы
2. Матикеев Курманали, г.и.д., профессор
3. Эргешов Садирали, г.и.к., доцент
4. Зулушова Акылбү Токторалиевна, п.и.к., доцент
5. Аккулов Абдижапар Ураимович, г.и.к., доцент
6. Обдунов Элмурат Абдувапович, г.и.к., доцент
7. Сатыбалдиев Байсал Салиевич, г.и.к., доцент
8. Камчиев Улан Мансурович, улук окутуучу
9. Исакова Умида Иргашбаевна, улук окутуучу
10. Шерматова Жаркынай Ташболотовна, улук окутуучу
11. Аташбаев Актилек Мелисбекович, улук окутуучу
12. Шаимкулова Роза Раимбердиевна, окутуучу
13. Тургунова Венера Жумабаевна, окутуучу
14. Мейманова Эльмира Меймановна, окутуучу
15. Бекташов Чыңгыз Жомартбекович, лаборант

# VII. Кафедранын материалдык-техникалык базасы







Карта-материалдар. Атлас КР – 29 даана, географиялык атлас – 8 даана, миллениум атлас – 2 даана, глобус – 5 даана, карта – 63 даана Бардык сабактар окуу куралдары менен камсыз болгон.

Техникалык каражаттар: Геодезиялык рулетка – 2 даана, рейка – 2 даана, нивелир – 2 даана, теодолит – 4 даана, буссоль – 2 даана, мензула – 1 даана, штатив – 4 даана, GPS -2 даана, электрон. тахеометр – 1 даана, актинометр – 2 даана, анемометр АРИ 49 – 1 даана, астролябия – 8 даана, микроскоп УМ 401 П – 6 даана, психрометр – 2 даана, телевизор – 3 даана, компьютер – 13 даана, принтер – 7 даана, электрондук доска – 1 даана, палатка – 3 даана

# VIII. Тышкы байланыштар

Кафедранын жамааты Кыргызстандын ичиндеги, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн төмөнкү жогорку окуу жайлары менен ар тараптуу кызматташуулары боюнча келишимдерди түзүүгө жетише алды:






## IX. Перспективалык планы

- ✓ Кафедра мүчөлөрүнүн окуу-усулдук чеберчилигин жогорулатуу;
- ✓ Ар бир предмет боюнча окуу методикалык комплекстердин электрондук, басма варианттарын даярдоо жана ОшМУнун MyEdu билим берүү порталына жүктөө;
- ✓ Студенттердин арасында тарбиялык иштерди өркүндөтүү;
- ✓ Кафедранын профили боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү;
- ✓ Кафедра мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу
- ✓ Кафедранын дисциплиналары боюнча окуу колдонмолорун, окуу китептерин даярдоо жана басмадан чыгаруу;
- ✓ Теориялык жана практикалык сабактарда компьютердик технологияларды максатка ылайыктуу пайдалануу үчүн программаларды жана башка дидактикалык колдонмолорду иштеп чыгуу;
- ✓ Эл аралык билим берүү программаларына жана долбоорлорго активдүү катышуу.

## X. Инвестиция багытындагы стратегия

- ✓ Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасына тиешелүү кабинеттерди жаңы заманбап техникалык каражаттары жана окуу китептери менен толуктоо;
- ✓ 550100-Табигый-илимий билим берүү География (бакалавр, магистратура), 520400-География кошумча экология (бакалавр) багыттарын тейлеп жаткан кадрлардын билимдерин экспорттоого жана импорттоого зарыл болгон негиздерди жаратууну жана өнүктүрүүнү уюштурууга жетишүү;
- ✓ “Кыргызстандын географтары ассоциациясы” жана “Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы” менен тыгыз иштешип, демөөрчүлүк каражаттарды табууну уюштуруу, демөөрчүлүк фонддорду түзүү жана аларды иштетүүнүн жоболорун иштеп чыгып, бекитип, жоболордун негизинде инвестицияларды тартуу;
- ✓ Кыргызстандын интенсивдүү өнүгүүсүнө зарыл болгон илимий долбоорлорго катышуу чет өлкөлөр менен биргеликте жана жекече иштеп чыгуу, гранттык сынактарга катышуу.

## Коммерциализация багытындагы стратегия

- ✓ Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасынын окуу ишмердүүлүктөрүн билим берүү багыты менен кошо, өндүрүп-сатуучу багытына айландыруу;
- ✓ Студенттердин, магистранттардын жана профессордук-окутуучулук курамдын илимий долбоорлордун алкагында өндүрүлгөн продукцияларын (мисте, люфа, гүлдөр, карагат, жаңгак, алма).





***Паспортту түзгөндөр: Исакова У.И., Тургунова В.Ж., Мейманова Э.М.***